# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТЫШКЫ МИГРАЦИЯСЫНЫН ДИНАМИКАСЫ ЖАНА АНЫН СЕБЕПТЕРИНИН АНАЛИЗИ

**Сулайманова Бурулча Бактыбековна**
PhD, Кенже илимий кызматкер
Кыргыз-Түрк «Манас» университети
*sulaymanova@gmail.com*

**Аннотация**

Кыргызстан 1991-жылы эгемендүүлүгүн жарыялаган соң, саясий жана экономикалык жактан эркиндикке ээ болуу менен бирге, жарандарынын дагы чет өлкөгө эркин чыгуу кыймылы башталган. Айрым илимий изилдөө мекемелеринин жана адистердин эсептөөлөрү боюнча, жумушчу мигранттардын саны 600 миң адамга чейин жетүүдө. Бул экономикалык активдүү калктын 10 пайызынан жогору. Ал эми акчалай которуулардын ИДПга болгон катышы боюнча, 2014-жылы Кыргызстан 30,3% менен дүйнөдө экинчи орунду ээлеген. Миграциянын себептерин аныктоо жана анын жөнгө салуу механизмдерин иштеп чыгуу үчүн бул маселенин эмпирикалык жактан терең изилдениши абдан маанилүү. Ошондуктан бул эмгекте Кыргызстандын калкынын миграциясына себеп болгон факторлорду эмпирикалык жол менен изилдөө максат кылынды. Эмпирикалык анализ Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан жарыяланган жылдык маалыматтардын жана «Кыргызстандагы жашоо» аттуу сурамжылоонун маалыматтарынын негизинде жасалды.

**Негизги сөздөр:** тышкы миграция, акчалай которуулар, Кыргызстан.

## INTERNATIONAL MIGRATION IN KYRGYZSTAN: DYNAMICS AND DETERMINANTS

**Abstract**

After disintegration of Soviet Union, mass labor migration has been seen in newly independent states. This migration mostly caused by ethnic reasons, while after mid of 2000's the migration predominantly reasoned by economic issues, such as differences in economic growth, wage levels, social conditions and welfare in countries of destination. Due to labor migration in Kyrgyzstan, which is count around the 10 % percent of active population of the country, and high remittance inflow, which is more than 30 % of Gross Domestic Product of Kyrgyzstan, it is important to investigate the factors causing this migration outflow. This paper aims to empirically assess the determinants of international migration outflow from Kyrgyzstan, by using nationally representative "Life in Kyrgyzstan" survey and annual data from National Statistics Comittee of Kyrgyz Republic.

**Keywors:** İnternational Migration, Remittances, Kyrgyzstan.

**Киришүү**

Кыргызстан 1991-жылы эгемендүүлүгүн жарыялаган соң, саясий жана экономикалык маанидеги эркиндикке ээ болуу менен бирге, жарандарынын дагы чет өлкөгө эркин чыгуу кыймылы башталган. Кыргызстандын миграциясынын эки негизги себептерин жана анын мезгилдерин байкоого болот. Биринчи миграция мезгили – демографиялык миграция мезгили аталып, анын бирден-бир себеби этникалык маселелерге таянса, ал эми экинчи мезгили – экономикалык миграция мезгили деп аталат да, экономикалык киреше жана пайда табуу максатында көчүүнү түшүндүрөт. Миграциянын биринчи мезгилинде Кыргызстандын жарандарынын сыртка көчүп кетүүсү демографиялык мүнөздө болуп, үй-бүлөлөр менен көчүүлөр байкалган. Бул миграциянын багыты 1994-жылдарга чейин кескин түрдө мигранттардын санынын көбөйүп андан соң акырындык менен азайышына алып келген.

Ал эми 1999-жылдан тартып, демографиялык миграция өзүнүн максатын экономикалык пайда алууну көздөгөн мигранттардын көчүүсү менен алмашкан. Айрым илимий изилдөө мекемелер жана адистер (Единый доклад по миграции в Кыргызской Республике, 2015; Текеева, 2015; Тянь-Шаньский аналитический центр АУЦА, 2013) тарабынан эсептелип чыккан жумушчу мигранттардын учурдагы саны 300 миң адамдан 500 миң адамга чейин, же экономикалык активдүү калктын 10 пайызынан ашыгы чет өлкөлөрдө иштеп жүргөндүгү тууралуу маалымат берүүдө. Бул миграциянын бирден-бир өзгөчөлүгү мигранттар мекенине кайра кайтып келүүнү көздөгөндүгүндө болушу менен айырмаланат, жана экономикалык жактан изилдөөнүн зарылчылыгы - кеткен мигранттар кайтып келүүдө, же чет өлкөдө иштеп жаткан учурларында мекенинде калган үй-бүлөсү, же туугандарынын күнүмдүк жашоосуна, же болбосо жан сактоо максатында акчалай каражаттарды жөнөтүүсүндө болууда.

Кыргызстан 2014-жылы акчалай которуулардын ички дүң продуктусуна (ИДП) болгон үлүшү дүйнөдө эң чоң он мамлекеттердин катарында экинчи орунду 30.3 % ээлеген (Migration and Remittance Factbook, 2016). Бул көрсөткүч которулган акчалай каражаттардын чоңдугу жалгыз гана Кыргызстанда эмес, ошондой эле дүйнөлүк деңгээлде дагы ички экономиканы олуттуу түрдө таасирин тийгизген финансылык каражат экендигин көрсөтүүдө.

Миграциянын масштабы жана аны жөнгө салуу механизмдерин иштеп чыгуу максатында, анын эмпирикалык жактан терең изилденүүсүнө себеп болууда. Бул себептен улам бул эмгекте Кыргызстандын экономикалык активдүү калкынын миграциясына себеп болгон факторлорду эмпирикалык анализдердин негизинде изилдөө максаты коюлган.


Миграциялык процесстердин факторлору Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика Комитети тарабынан жарыяланган жылдык маалыматтар жана «Кыргызстандагы жашоо – 2011» аттуу сурамжылоонун маалыматтарынын жардамы менен, макро жана микро деңгээлде жүргүзүлгөн эконометрикалык анализдердин негизинде аныкталган. Макалада кириш сөз, төрт негизги бөлүм, корутунду, колдонулган адабияттардын тизмеси жана тиркемелер орун алды.

## 1. Кыргызстандын тышкы миграциясынын динамикасы

Кыргызстандын эгемендүүлүгүнөн тартып тышкы миграциясынын түзүлүшү жана тенденциясында бир нече өзгөрүүлөр байкалган. Советтер Союзунун таркашы менен Кыргыз Республикасынын миграциясынын анализи изилдөөчүлөр тарабынан үч негизги мезгилге бөлүнүп талдоого алынууда (Мамырканов жана Элебаева, 2013; Кумскова, 2015) Биринчи мезгил, 1990-жылдардын башынан тартып ортосуна чейин уланат жана орус тилин сүйлөгөн калктын саясий себептерден улам жана этникалык мекенине кайтып кетүү үчүн туруктуу көчүүсү менен мүнөздөлөт. Ал эми экинчи мезгил 1993-1994 жылдардан тартып байкалат жана негизги өзгөчөлүгү бул мезгилде миграцияда кыргыздар жана башка улуттардын көчүүсү жумуш издөө менен тийиштүү болгондугунда жана көп учурда Россия Федерациясына көчүү менен байланыштуу түшүндүрүлөт. Ал эми миграциянын жаңы толкуну 1999-жылдан башталат жана жергиликтүү улуттун жумушчу күчүнүн экономикалык абалдарга байланыштуу чет өлкөлөргө, Россия Федерациясы жана Казакстанга көчүүсү менен коштолот.

Кыргызстанда миграциянын өнүгүү процесстерин, өзгөрүүлөрүн бул илимий иште эки этапка бөлүп кароо дээрлик туура деп белгилейбиз. Себеби жогоруда берилген илимий иштердин бардыгы Кыргызстандын тышкы миграциясынын этаптарын бөлүүдө 1999-жылдан тартып миграциянын маанисин жана себептерин экономикалык негиздерге таянуу менен көрсөтүп, бул жылдан тартып жумушчу мигранттардын чет өлкөгө кетиши менен түшүндүрүлөт. Ошол себепке байланыштуу, бул илимий иште Кыргыз Республикасынын тышкы миграциясынын негизги эки мезгилге карап анализдөө чечими кабыл алынган. Анда миграциянын биринчи мезгили 1991-1998 жылдарды камтыса, экинчи мезгили 1999 – жылдан тартып бүгүнкү күнгө чейинки убакытты камтыйт.


**Сүрөт 1.** Кыргызстандын калкынын тышкы миграциясы (миң адам)




**Булагы:** Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети

1990-жылдардын башындагы өлкөдө калктын миграциясынын чоң агымын этникалык, же тарыхый мекенине кайтуу себептери менен түшүндүрүп бере алабыз. Биринчиден, миграциянын себеби катары 1990-жылдын жай айларындагы Ош шаарында улут аралык кагылышуу (Омаров, Махновский, 1998); экинчиден, Советтер Союзунун таркашы, ошондой эле Кыргыз Республикасында кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары жарыяланышы менен бирге мамлекеттик бийликти түзүүдө этноцентристтик саясаттын күч алышы, орус калкы менен орус тилдүүлөрдүн этникалык, же тарыхый мекенине кайтуусуна өбөлгө түзгөн (Кумскова, 2015). Ошондой эле, мигранттардын чет өлкөгө туруктуу жайгашуу максатында кетүүсүнүн себеби катары, Кыргыз Республикасында жашаган 1940-жылдары башка союздук мамлекеттерден депортацияга дуушар болуп көчүп келген калктын өкүлдөрүнүн, СССРдин таркашы менен административдик-территориалдык чек аралардын такталышынын натыйжасында, өз тарыхый мекендерине кайтуусун белгилесек болот (Омаров, Махновский, 1998).

**Сүрөт 2.** Улуттар боюнча миграциянын сальдосу (миң адам)




**Булагы:** Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматы боюнча Кыргыз Республикасынан чет өлкөгө кеткендердин арасынан эң чоң үлүшкө ээ болгон улуттар төмөнкүлөр: орус калкы (1991-ж. – 44.92%, 1998-ж. – 50.80%), немецтер (1991-ж. – 20.02%, 1998-ж. – 12.34%), өзбектер (1991-ж. – 10.29%, 1998-ж. – 7.12%). Көчүп барууну көздөшкөн мамлекеттерди негизинен экиге бөлүп кароого болот: КМШ өлкөлөрүнө көчүү жана КМШ өлкөлөрүнөн тышкары алыскы чет өлкөлөрүнө көчүү. 1991-1998 жылдары Кыргыз Республикасынын эмигранттарынын орточо 81.70 % КМШ өлкөлөрүнө, анын ичинен 59.56% Россия Федерациясына көчүп кетишкен. Ал эми бул жылдар аралыгында эмигранттардын 18.23% КМШ мамлекеттеринен тышкары башка өлкөлөргө кетишкен жана анын ичинде Германия өлкөсү эң көп үлүшкө ээ. Улуттук статистикалык комитеттин маалыматына ылайык 1996-1998 жылдары кеткендердин орточо 22.24% КМШ өлкөлөрүнө көчкөн болсо, анда анын 18.90% Германия мамлекетине таандык. Айрыкча, КРнын статкомитетинин маалыматы боюнча 1989-жылдан 1995-жылга чейин Кыргызстанда жашаган немец калкынын саны 74.23% азайгандыгын белгилешет. (Омаров, Махновский, 1998).

Ал эми 2000-жылдан тартып Кыргызстандан башка мамлекеттерге кеткендердин саны кескин түрдө кыскарган. Бул тенденциянын негизги себеби катары этникалык миграциянын потенциалынын төмөндөшү, же аякташы жана мигранттарды кабыл алган өлкөлөрдүн миграциялык саясаты менен түшүндүрүлөт (Мкртчян, Сарыгулов, 2011). Айрыкча Германия мамлекетинин мигранттарды кабыл алуу саясатынын өзгөрүшү менен (Мкртчян, Сарыгулов, 2011) Кыргызстандан кеткен немец улутунун өкүлдөрүнүн саны 2000-жылдан кийин азайа баштаган. (Сүрөт 2). Ал эми 1999-жылдан тартып эмиграциянын өсүү темпи Россия Федерациясы менен Казакстан Республикасына карата багытталган.

Ошондой эле 1999-жылдан баштап жергиликтүү кыргыз калкынын эмиграннтарынын санынын жогорулашы байкалууда. 1999-жылдан тартып кыргыз эмиграннтарынын санынын жогорулашы негизинен экономикалык себептерге байланыштуу болгондугунан улам, бул этаптагы миграцияны *экономикалык миграция* катары мүнөздөөгө болот. Тактап айтканда, миграциянын себептери этникалык, же саясий себептерге эмес, экономикалык негиздерге же чет өлкөлөрдүн бакубат жашоосунан пайдаланууга байланыштуу башталган десек болот. Экономикалык миграциянын натыйжасында чет өлкөгө кеткен кыргыз жумушчу мигранттардын саны Эл аралык миграция уюмунун маалыматы боюнча 2001-жылы 400 миң адамды түзгөн жана негизинен Россия Федерациясына барышкан. Ошондой эле башка миграция боюнча адистердин эсептөөсү боюнча 2003-2004 жылдары аралыгында Кыргызстандан кеткен жумушчу мигранттарынын саны 300-700 миң адамга чейин жеткен (Мкртчян, Сарыгулов, 2011).


1998-жылдан тартып тышкы миграциянын структуралык өзгөрүүнүн себеби Россия Федерациясындагы финансылык кризисинин Кыргыз Республикасына тийгизген таасири менен бирге, мамлекеттин ичиндеги саясий абалдын курчушу менен байланыштуу каралат (Мкртчян, Сарыгулов, 2011). 1999-жылы Кыргыз Республикасынын Баткен облусуна Таджикистандан куралдуу топтордун басып кирүүсүнүн натыйжасында бул аймактан башка облустарга ички миграция байкалган (Мкртчян, Сарыгулов, 2011,) жана анын натыйжасында иш издөө максатында чет өлкөгө кеткендердин саны көбөйгөн. Ал эми тышкы миграциянын 2012-жылдан тартып кескин түрдө азайуусуна Россия Федерациясы тарабынан Кыргызстан жана Россиянын ортосундагы жарандыкты жеңилдетилген шарттар менен алуу жөнүндөгү өкмөттөрдүн ортосундагы эки тараптуу келишимдин жокко чыгарылышы себеп болууда (Демографический ежегодник Кыргызской Республики 2008-2012 гг., 2013). Бул жерде Россиядагы мыйзамдардын өзгөрүшү менен бирге Кыргызстандан кеткен эмигранттардын санынын 2012-жылы 2011-жылга салыштырмалуу 71.5% азайгандыгын жана Кыргызстандын тышкы миграциясынын Россия Федерациясында кабыл алынган укуктук-ченемдик актылар жана чектөөлөргө көз каранды болгондугун көрсөтөт.

Ошону менен бирге Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин (КРУСК) тышкы миграция боюнча жарыялаган маалыматтары, учурдагы миграциянын абалын толук кандуу чагылдырууда жетишээрлик эместигин белгилеп кетүү керек. Себеби чет өлкөгө жумуш издөө максатында кеткендер көп учурда каттоого алынбайт. Ал эми КРУСК тарабынан миграция жөнүндө маалыматты топтоо ыкмасына ылайык, жарандардын миграцияга дуушар болгондугу тууралуу маалымат мигрант тарабынан толтурулган миграциялык талондун негизинде топтолот. Тактап айтканда бир

жарандын мигрант катары эсепке алынышы, анын жашаган аймагынан башка регион же мамлекетте туруктуу отурукташып жашоо максатында каттоодон чыгуусу менен бирге болот.

Ал эми айрым изилдөөчүлөр жана эксперттеридин эсептөөсү боюнча учурда Кыргызстандан чет өлкөгө иштөө максатында кеткендердин саны 500 миң адамдан ашуун экендигин айтуу мүмкүн. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик миграция кызматы, Кыргызстандын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү жана консулдук мекемелердин берген маалыматтарына таянып, чет өлкөдө эмгектенип жүргөн Кыргызстандын атуулдарынын санын 682 557 катары берүүдө (Единый доклад по миграции в Кыргызской Республике, 2015). Ал эми 2013-жылы Борбордук Азиядагы Америкалык университетинин Тянь-Шань аналитикалык борбору тарабынан миграция боюнча өткөрүлгөн конференциясынын отчетунда Кыргызстандын эмгекке жарамдуу калкынын ар бир бешинчиси же 500 миңден 700 миңге чейинки калк эмгек миграциясына дуушар болгондугун белгиленген. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин 2014-жылы үй-чарбалары жана эмгек ресурстары жөнүндө жүргүзгөн сурамжылоонун негизинде чет өлкөдө жүргөн эмгек мигранттарынын санын 187.4 миң адам деп эсептеген. Бул көлөм Улуттук статитикалык комитетинин 2010-жылы эмгек миграциясы тууралуу жүргүзгөн сурамжылоонун натыйжасында эсептелип чыккан санга (137.4 миң адамга) жакын экендигин белгилеп кетсек болот (Текеева, 2015). Бул жерде учурда эмгек миграциясында жүргөндөрдүн санынын так айтуу кыйынчылыгы бар экендигин айтуу мүмкүн.

**Сүрөт 3.** Кыргызстандын ички дүң продуктусу, акчалай которууларынын көлөмү (АКШ доллары менен) жана ИДПга карата үлүшү (%, оң шкала)




**Булагы:** Дүйнөлүк Банк, WDI 2016

Кыргызстанда тышкы миграциялык процесстердин күч алышы менен бирге, эмгек миграциясында жүргөндөр тарабынан Кыргызстанга жөнөтүлгөн акчалай каражаттардын акыркы он беш жылда ылдам өсүүсү байкалган. Дүйнөлүк Банктын маалыматы боюнча 2000-жылы акчалай которуулардын көлөмү 8.84 миллион АКШ долларын жана Ички дүң продуктусунун 0.65 % гана түзсө, 2002-жылдан тартып акчалай которуулардын көлөмү кескин түрдө өскөн. Эгерде 2003-жылы акчалай которуулардын көлөмү 78.16 миллион АКШ долларын (ИДПнун 4.07 %) түзсө, бул көрсөткүч 2014-жылы 2 242.83 миллион АКШ долларына (ИДПнун 30.29 %) жеткен, жана 28.7 эсе өскөн.

Акчалай которуулардын Ички дүң продуктусуна карата үлүшүн гана эске алганыбызда Дүйнөлүк Банк тарабынан 2016-жылы жарыяланган «Миграция жана акчалай которуулар маалымдамасында» (“Migration and remittances factbook 2016”) Кыргызстан 2014-жылы акчалай которуулардын ИДПсуна болгон үлүшүнө эң алдыңкы он мамлекеттин катарында, Таджикстандан (41.7 %) кийин, экинчи орунду 30.3 % үлүш менен ээлеген. Бул көрсөткүч которулган акчалай каржаттардын көлөмү жагынан көптүгү жалгыз гана Кыргызстанда эмес, ошондой эле дүйнөлүк деңгээлде ички экономикага олуттуу түрдө таасирин тийгизген финансылык каражат экендигин көрсөтүүдө.

**Сүрөт 4.** Жеке адамдардын акча которуу системалары аркылуу которуулары (миллион АКШ доллары)





**Булагы:** Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы

Кыргызстандын миграциясынын негизги багыты жана көлөмү Россия Федерациясына жана Казакстан мамлекетине карай болгондугу үчүн, акчалай которуулардын акыркы он жылда кескин бир өсүү тенденциясы менен бирге сезондук

эффектке ээ болгондугун жана орточо эсеп менен 2005-2016 жылдары арасында акчалай которуулардын 93.6 % ын Россия Федерациясынан жана 1.4 % Казакстандан болгондугун жогорудагы сүрөттө көрүүгө болот.

Мараттын (2009) Кыргызстандын эмгек миграциясы тууралуу макаласында, кыргыз мигранттардын 71% Россия Федерациясы жана Казакстан Республикасына сезондук жумушка жалданып кетүүдө экендигин белгилеген. Кыргыз мигранттары жаз айларында кетип, кыш айларында кайра кайтып келгендигин, бул мезгил аралыгында жалданып иштегендиги үчүн жөнөтүлгөн акчалай каражаттар мезгил таасирине дуушар болгондугу 4-сүрөттө байкалат.

**Сүрөт 5.** Жеке адамдардын акча которуу системалары аркылуу которууларынын бир жыл мурунку маанисине айырмасы (млн. АКШ доллары)




**Булагы:** КР УБтын маалыматтарынын негизинде эсептелген

Мезгил таасирлеринен улам акча которуулардын негизги динамикасын көрүү кыйынчылыгы туулат. Бул учурда сезондук таасирди жокко чыгаруу жана акчалай которуулардын динамикасын так көрүү максатында убакыт катарларынын анализинде кеңири колдонулган сезондук өзгөрүүлөрдү жокко чыгаруу методдорун колдонуу ылайык десек болот. Жогоруда сүрөттө берилген акчалай котруулардын, бир жыл мурунку маанисине айырмасын алуунун натыйжасында, мезгил таасиринен тазалангандыгын айтуу мүмкүн.

Кыргызстанга которулган акчалай каражаттардын сезондук таасирге карата тууралангaн маанилери 5-сүрөттө берилген жана 2005-жылдан тартып акчалай которуулардын жылына өсүүсү байкалат. Ал эми 2009-жылы акчалай которуулардын терс мааниге ээ болгондугу Дүйнөлүк финансылык кризиске байланыштуу болгонун

көрүүгө болот. Бирок, Кыргызстанга келген акчалай которуулардын 2009-жылдан тартып 2010-2011 жылдары кайрадан көбөйүү багытында болгондугун жана кризистин таасирин кыска мөөнөттө гана таасир бергенин көрүүгө болот. Ал эми 2012-жылдан тартып акчалай которуулардын өсүү темпинин басаңдашы, Россия Федерациясында жарандык алуу үчүн киргизилген чектөөлөргө байланыштуу болгону менен түшүндүрүүгө болот.

2014-2015 жылдары акчалай которуулардын көлөмүнүн төмөндөшү байкалууда. 2014-жылы Кыргызстанга которулган акчалай каражаттардын нөлгө жакын болушу, бул жылы которулган акча каражаттардын көлөмү бир жыл мурункуга салыштырмалуу өспөгөндүгүн көрсөтүүдө. Биринчиден, бул азайууну 2014-жылда Россия Федерациясында кабыл алынган миграциялык мыйзамдардын жана Кыргызстандын жарандарынын «кара тизмеге» кириши менен бирге Кыргызстандан Россия Федерациясына барган мигранттардын санынын азайышы менен түшүндүрүүгө болот. Ал эми экинчиден, акчалай которуулардын азайуусу 2015-жылы Россия Федерациясында мигранттарга карата ишке орношу шарттарынын өзгөрүшү менен бирге Россия Федерациясындагы экономикалык кризиске байланыштуу болгондугун айтуу мүмкүн.

Демек, жалпысынан Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарында, миграциялык процессти эки негизги мезгилге бөлүп кароо мүмкүн. 1999-жылдан тартып, кыргыз мигранттарынын дээрлик көпчүлүгү Россия Федерациясына кетүүдө жана бул миграция экономикалык себептерден улам келип чыккан. Кыргызстандын жалпы миграциялык процесси Россия Федерациясынын экономикасына жана анын миграцияга байланыштуу мыйзамдарынын өзгөрүүсүнө көз каранды экендигин айтуу менен бирге Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети тарабынан миграция жөнүндө жарыялаган маалымат Кыргызстандын миграциясын толук чагылдыра албай тургандыгы жөнүндө жыйынтык чыгарууга болот.

## 2. Миграциялык кыймылдын факторлорун моделдөө чөлкөмүндө илимий адабияттардын талданышы

Бүгүнкү күндө миграцияга таасир этүүчү факторлорду аныктоо максатында изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көптөгөн илимий макалада жана илимий эмгектерде айтылган. Алардын басымдуу бөлүгүндө эмпирикалык анализ жолу менен миграциянын факторлорун аныктаганга аракет кылынган. Мисалы, Олова жана Авойеминин (2012) изилдөөсүндө 2004-жылы Нигериянын жашоо стандарттарын аныктоо максатында жасалган сурамжылоонун маалыматтары менен айыл жергесинде

жашагандардын миграциясынын жана акчалай которуулардын экономикалык, демографиялык детерминанттарын аныктоо үчүн көптүк тандоо логит модели колдонулган. Анын жыйынтыгы боюнча билим деңгээлинин орто болгондордун ички миграцияга, ал эми билим деңгээли жогору болгондор, университеттерди бүтүргөндөр тышкы миграцияга кабылгандыгы тастыкталган.

Микро денгээлинде жүргүзүлгөн анализдердин негизинде миграцияга мигранттын билим деңгээли, анын этникалык өзгөчөлүгү, үй-бүлөлүк абалы жана жаш курагы таасирин тийгизүүдө экендиги аныкталган (Чигивар жана Хансондун, 2005, Брокерхофф жана Иу, 1993). Ошону менен бирге эле, мигранттарга таандык демографиялык өзгөчөлүктөрдөн тышкары, географиялык өзгөчөлүктөр, үй-чарбасынын баштапкы киреше деңгээли жана миграциялык түйүндүн бар болушу таасирин тийгизери дагы аныкталган (Амбросини жана Пери, 2012; Хейр, 1999; Лоттум жана Маркс, 2012; Йанг жана Гуо, 1999; Дель Рей Поведа, 1995, Уйсал жана Акташ, 2011).

Ал эми миграцияны изилдөөдө жалгыз гана микро деңгээлге таандык маалыматтардын жардамы менен анализ жүргүзүлбөгөндүгүн белгилеп кетсек болот. Көп учурда миграциянын узак мезгилди жана бир нече мамлекеттерге карай багытталган тенденциясы жөнүндө анализ жасоо үчүн миграциянын макро деңгээлде маалыматты камтыган моделдерин колдонуу зарылчылыгы пайда болууда. Мисалы, Уллах (2012) Бангладештен жыйырма үч мамлекетке миграциянын факторлорун көптүк убакыт катарларынын жардамы менен 1995-2009 жылдары үчүн изилдеген. Эң кичине квадраттар, Тобит жана көптүк убакыт катарларынын моделдеринин жыйынтыгы боюнча экономикалык факторлордун тышкары, миграцияга демографиялык жана маданий факторлордун ролунун абдан маанилүү болгондугу аныктаган.

Миграцияга макро деңгээлде таасирин тийгизген факторлор катары мигранттарды жөнөткөн жана кабыл алган мамлекеттердин калкынын санын, орточо айлык акы, жумуш менен камсыз болгондордун үлүшү жана мигранттарды кабыл алган мамлекеттердин мигранттарды кабыл алууда киргизген мыйзам ченеминдери катары белгилеп кетсек болот (Карлос, 2002; Цебула, 2005; Константину жана Диаментидес, 1985; Балдерас жана Гринвуд, 2009; Этзо, 2008). Ошондой эле айрым изилдөөлөрдө миграцияга аймактык эс алуу жайларынын санынын, аба ырайынын жылуу болушу, криминалдын үлүшүнүн төмөн, бирдиктүү чек аралардын, расмий тилдин бир болушу, колониалдык байланыш сыяктуу социалдык жана тарыхый өзгөчөлүктөрдүн таасирдүүлүгү аныкталган (Гуан жана Мак Эльрой, 2012; Ким жана Кохен, 2010; Левер жана Ван ден Берг, 2008)

Кыргызстандын мисалында миграциянын факторлорун эмпирикалык жактан анализдеген макалалардын аз болгондугун белгилеп кетсек болот. Мисалы, макроэкономикалык деңгээлде миграциянын факторлорун биринчилерден болуп изилдеген изилдөө Евразиялык Өнүгүү Банкына (EDB Centre for Integration studies, 2013) таандык болуп, мигранттардын чет өлкөгө кетүүсүнө түрктү болгон фактор катары Кыргызстандын адам башына тийген Ички дүң продуктусунун аздыгын белгилешкен.

Тары жана Сулайманова (2014) Кыргызстандын эмиграциясынын факторлорунун 1998-2011-жылдардагы маалыматы менен изилдөөдө жана эмиграциянын Россия Федерациясынын адам башына тийген ИДПсунун, Кыргызстанда айыл-чарба секторундагы жумушчу башына тийген кошумча наркынын көбөйүшүнөн жана улуттук валютанын долларга карата девальвациясынан оң таасирленүүдө экендигин аныктаган.

Сулайманова жана Бостан (2014) Кыргызстан жана Тажикстан мамлекеттери үчүн жүргүзгөн изилдөөсүндө, миграцияга таасирин тийгизген экономикалык факторлордун катарына адам башына тийген ИДПнын көлөмү, айыл-чарба секторундагы жумушчу башына түшкөн кошумча нарктын, акчалай каражаттарынын жана улуттук валюталарынын девальвациясы таасирин тийгизгендиги аныкталган. Ошондой эле миграцияга демографиялык факторлордун дагы таасирдүү экендиги аныкталган башкача айтканда мигранттарды жөнөткөн мамлекеттерде жумушчу күчүнүн көбөйүшү анын чет өлкөгө кетишине себеп болууда.

Ал эми Кыргызстандын миграциясынын факторлорунун микроэкономикалык деңгээлде изилдеген изилдөөлөрдүн катарын эң биринчилерден болуп, Сулайманова (2005) Кыргызстандан Америка Кошмо Штаттарына миграциясынын факторун сурамжылоонун негизинде аныктаган.

Агаджанян ж.б. (2006) Кыргызстандын миграциясынын факторлорун сурамжылоонун негизинде изилдешкен. Эмпирикалык анализдин негизинде, респонденттин чет өлкөгө кетүүсүнө оң таасирин тийгизген факторлордун катарында анын жашы жана улуту кирүүдө. Ошондой эле миграцияга мигранттын жогорку билимге жана чет өлкөдө кетүүдө ал жактан жашаган туугандарынын болушу позитивдүү таасирин тийгизүүдө. Ал эми мигранттын жынысы, үй-бүлөлүк абалы, жумушунун бар болушу же болбошу менен бирге анын үй-чарбасынын жашоо деңгээли миграцияга таасирин тийгизбеген факторлордун катарына кирүүдө. Бул жерде изилдөөнүн 2000-жылдарынын башына тандык болгондугун жана миграцияга активдүү түрдө башка улуттардын өкүлдөрү, туруктуу көчүү максатын көздөп катышкандыгы

үчүн учурдагы жумушчу миграциянын факторлорун чагылдырбагандыгын айтуу зарыл.

Ал эми Карымшаков ж.б. (2014) миграциянын детерминанттарынын изилдөөсүндө 2011-жылга таандык сурамжылоонун маалыматтарын колдонуу менен микроэконометрикалык деңгээлде анализ жүргүзүүдө. Эмпирикалык анализдин жыйынтыгы боюнча, орто билимдүүлөрдүн миграцияга көбүрөөк душар болгондугу аныкталган.

Жалпысынан жогоруда берилген изилдөөлөрдүн негизинде Кыргызстандын мисалында миграциянын себепкерлери катары көп учурда экономикалык факторлор, киреше деңгээлинин төмөн болушу менен бирге региондордун арасындагы теңсиздиктерден улам келип чыккандыгын айтып кетсек болот.

## 3. Миграциянын факторлорунун моделдөөнүн методологиялык аспектиси

*Миграциянын макроэкономикалык факторлорун моделдештирүү*

Бул илимий эмгекте Кыргызстандын миграциясынын изилденишинде Гравитациялык (Тартылуу күчү) моделдин жардамы менен эмиграция көлөмүн аныктоочу макроэкономикалык факторлорду табуу максаты коюулууда жана төмөндөгү модель Эң кичине квадраттар методу менен баалого алынат:

$$M_t = \gamma_0 + \gamma V + \xi_t \tag{1}$$

Бул жерде $M_t$ Кыргызстандан жылына чет өлкөгө кеткендердин санын, же эмиграциянын жылдык көлөмүн көрсөтүүдө. Ал эми V миграциянын макроэкономикалык факторлорун анализдеген көз карандысыз өзгөрмөлөрдүн тизмесин камтыйт. Колдонулган маалыматтардын бардыгы 1991-2014 жана 1994-2014-жж. үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин жана Дүйнөлүк Банктын жылдык маалыматтарынын негизинде топтолгон жана моделдерде колдонулган өзгөрмөлөрдүн бардыгы логарифмалык мааниде берилген. Бул илимий иште эмпирикалык адабиятта берилген макалалардан айырмаланып миграциялык процесстердин структуралык өзгөрүүлөрүн эске алуу менен бирге миграциянын факторлору аныкталгандыгын айтуу мүмкүн.

Көптүк регрессиондук анализдин жыйынтыктары моделдин калдыктарынын нормалдуу жайылышына, автокорреляциясына, туруктуу дисперсиясына жана моделдин туура түзүлгөндүгүнө кошумча тесттердин жардамы менен баалаган.

**Миграциянын микроэкономикалык факторлорун моделдөө**

Миграциянын микроэкономикалык деңгээлде факторлорун аныктоо максатында «Кыргызстандагы жашоо» аттуу, 3000 үй чарбасы, 8066 индивиддер жана 40 калктуу пункттарда 2011-жылы жүргүзүлгөн сурамжылоо колдонулган. Бул сурамжылоодо Кыргыз Республикасынын демографиясы, миграциясы, калкынын ден-соолук жана билим деңгээли, эмгек рыногу, жашоо деңгээли, социалдык байланыш жана башка темалар боюнча кеңири маалымат берилген.

Изилдөөдө көз каранды өзгөрмө катары үй-чарбасынан чет өлкөгө кеткендердин саны ($w_i$) колдонулган жана ага таасирин тийгизген факторлор ($x_i$) эң кичине квадраттар методу менен бааланган. Моделдин формуласы төмөндөгүдөй:

$$w_i = \beta_0 + \beta_1 x_{1i} + \beta_2 x_{2i} + \cdots + \beta_k x_{ki} + u_i \qquad (2)$$

Үлгүлтүксүз көз каранды өзгөрмө, $w_i^*$, нөлгө жогорулатылган мүнөзгө (zero-inflated nature of continuous dependent) ээ болгондугу үчүн Тобит модели менен миграциянын факторлору бааланган. Тобит моделинин көрүнүшү төмөндөгүдөй (Wooldridge, 2002):

$$\begin{aligned} w_i^* &= \beta_0 + x\beta + \varepsilon_i \\ x\beta &= \beta_1 x_1 + \cdots + \beta_k x_k \\ u \mid x &\sim \text{нормалдуу}\ (0, \sigma^2) \\ w &= \text{максимум}\ (0, w^*) \end{aligned} \qquad (3)$$

латенттүү же жашыруун көз каранды өзгөрмө $w_i^*$ классикалык линейдүү (сызыктуу) моделдин талаптарына жооп берет жана максималдуу ыктымалдуулук методу менен бааланат. Ал эми көз карандысыз өзгөрмөнүн тизмеси тиркемеде берилген.

**4. Миграция моделдерин баалоонун жыйынтыктары**

**Миграциянын макро моделдеринин жыйынтыктары**

Эң кичине квадраттар методунун жардамы менен жүргүзүлгөн көптүк регрессиондук анализдин жыйынтыгы боюнча (Таблица 1) өзгөрмөлөрдүн таасирлери күтүлгөн мааниге ээ болуп, Кыргызстан Республикасынан чет өлкөгө, көп учурда Россия Федерациясына болгон эмиграциясына таасир этүүчү факторлор булар: Кыргыз Республикасынын жана Россия Федерациясынын адам башына реалдуу ИДП көрсөткүчтөрү, калкынын саны жана улуттук валютасынын алмашуу курсу менен бирге Россия Федерациясынын мигранттарга кабыл алган мыйзамдар катары белгилөөгө болот.

**Таблица 1.** Моделдин жыйынтыктары

| | (1) | (2) | (3) |
|---|---|---|---|
| Константа | 9.6575***<br>(2.8529) | -1160.768**<br>(402.0689) | 1.4515<br>(3.7364) |
| Кыргызстанда адам башына реалдуу ИДП | -4.1687***<br>(1.0475) | -5.5371***<br>(1.1450) | -3.3116***<br>(1.2222) |
| Россия Федерациясында адам башына реалдуу ИДП | 3.4025***<br>(0.7165) | 5.8235***<br>(1.0157) | 3.3744***<br>(0.7004) |
| 2012-жылдан кийинки мезгилдин таасири | -1.0421***<br>(0.2007) | -1.8798***<br>(0.3574) | -1.2334***<br>(0.1731) |
| 1991-1993 жылдардын таасири | 1.8322***<br>(0.2388) | 1.5406***<br>(0.4093) | - |
| Кыргызстандын калкынын саны | - | 7.2975*<br>(3.8246) | - |
| Россия Федерациясынын калкынын саны | - | 55.6036***<br>(18.7648) | - |
| Кыргызстандын улуттук валютасы | - | - | 1.4741***<br>(0.5268) |
| Россия Федерациясынын улуттук валютасы | - | - | -1.1253***<br>(0.3282) |
| Байкоо жүргүзүлгөн мезгил | 1991-2014 | 1991-2014 | 1994-2014 |
| R2 | 0.8639 | 0.9112 | 0.8721 |
| Дарбин-Уотсан статистикасы | 1.4687 | 1.9520 | 1.3925 |
| F-статистикасы | 30.1562*** | 29.0789*** | 20.4659*** |
| Бройш – Паган – Годфри гетероскедастика тести | 3.4619 | 12.7111 | 1.9586 |
| Бройш – Годфри Сериалдуу корреляция LM тести | 1.6998 | 0.0749 | 3.2486 |
| Рамсей – RESET тестинин статистикасы | 0.0759 | 0.0428 | 1.2471 |
| Нормалдуулук Жак-Бэра тести | 2.7288 | 2.4584 | 0.4329 |

***1%, **5%, *10% ката үлүшүндө статистикалык жактан манилүү. Кашанын ичинде стандарттык каталар берилген.

Моделде колдонулган өзгөрүүчүлөрдүн 5 % ката үлүшүндө статистикалык жактан маанилүү. Ал эми моделдердин F-статистикасынын ыктымалдуулугунун 5 % ката үлүшүндө текшерилип, моделдердин жалпы статистикалык жактан маанилүү болгондугун белгилеп кетсек болот. Ошондой эле моделдин түшүндүрүү күчүн чагылдырган $R^2$ көрсөткүчү колдонулган көз карандысыз өзгөрүүчүлөрдүн Кыргыз Республикасынын эмиграциясынын орточо эсеп менен 88 % түшүндүрүүдө жана моделдердин сыпатын сыноочу тесттердин жыйынтыгы боюнча, төмөндөгү таблицада берилген моделдин калдыктарынын нормалдуу жайылууга жана туруктуу дисперсияга ээ экендиги, ошондой эле автокорреляциянын жок болгондугун белгилеп кетсек болот. Рамсей тестинин жыйынтыгы боюнча моделдердин функциялык түзүлүшүнүн туура болгондугу аныкталган.

Миграциянын Гравитациялык моделинин негизги факторлору катары мигранттарды жөнөткөн жана кабыл алган мамлекеттердин калкынын саны болуп

эсептелет. Моделдин жыйынтыгы боюнча, Кыргызстандын калкынын санынын 1 % өсүшү эмиграциянын көлөмүн 7.30 % жогорулатат, ал эми Россия Федерациясынын калкынын 1 % өсүшү Кыргызстандан кеткендердин санын 55.6 % жогорулатууда. Кыргызстандын табигый өсүү темпинин жогору болушу менен бирге, калкынын санынын өсүшү эмиграцияга түрткү болору күтүлгөн мааниге ээ жана илимий адабияттарда табылган жыйынтыктарга дал келет.

Ал эми Россия Федерациясынын калкынын санынын өсүүсү менен бирге Кыргызстандын эмиграциясынын жогорулашы классикалык Гравитациялык моделдин жыйынтыктарына дал келбейт. Бирок бул жагдай Россия Федерациясынын калкынын санынын өсүү тенденциясынын түзүлүшүнө байланыштуу болгондугу менен түшүндүрүү мүмкүн. Россия Федеациясынын табигый өсүүсү жалпысынан төмөндөөдө. Ал эми миграциялык өсүү жылына орточо 300 миң адамды түзүүдө жана 1992-2013 жылдар үчүн миграциялык өсүү Россия Федерациясынын калкынын табигый жоготуусунун 63% компенсациялаган (Карымшаков жана Сулайманова, 2015). Башкача айтканда Россия Федерациясынын эгемендүүлүк жылдарында мигранттарды көп кабыл алышы менен бирге калкынын санынын өсүүсү байкалууда. Кыргызстандан кеткендердин санынын Россия Федерациясынын калкынын санынын өсүүсү менен түз байланышка ээ болгондугун дал ушул жагдай менен түшүндүрүү мүмкүн экендигин белгилеп кетсек болот.

Кыргызстандан кеткендердин санына таасирин олуттуу түрдө Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын макро-экономикалык көрсөткүчтөрү таасирин тийгизүүдө. Кыргызстандын ички дүң продуктусунун 1 % жогорулашы эмиграциянын көлөмүн орточо эсеп менен 4 % азайтууда, ал эми Россия Федерациясынын ички дүң продуктусунун 1 % жогорулашы эмиграциянын көлөмүн орточо эсеп менен 4-5 % жогорулатууда. Россия Федерациясынын адам башына ИДП көлөмүнүн жогорулашы Кыргызстандан эмиграцияны күчөтөөрү миграциянын экономикалык шарттардан улам келип чыккандыгын көрсөтүүдө. Башкача айтканда, Россия Федерациясынын экономикасынын өнүгүшү менен бирге Кыргызстандан барган жумушчу иммигранттардын саны көбөйө берет дагы, ал эми Кыргызстанда адам башына ИДП көлөмүнүн жогорулашы эмиграцияны токтотууга алып келүүчү факторлордон бирөөсү катары эсептөө мүмкүн болот.

Миграциянын экономикалык факторлорунун катарында мигранттарды жөнөткөн жана кабыл алган мамлекеттердин улуттук валюталарынын АКШ долларына карата курстук алмашуусу болуп эсептелүүдө. Моделдин жыйынтыгына ылайык Кыргызстандын улуттук валютасынын – сомдун АКШ долларына карата баркынын 1 % төмөндөшү Кыргызстандан кеткендердин санын 1.47 % жогорулатууда. Ал эми Россия

Федерациясынын улуттук валютасынын – рублдын АКШ долларына карата баркынын 1 % төмөндөшү Кыргызстандан эмиграцияны 1.12 % азайтууда. Бул жыйынтыктар илимий адабиятта табылган жыйынтыктарга дал келгендигин, башкача айтканда, мигранттарды кабыл алган өлкөлөрдүн улуттук валютасынын күч алышы менен бирге бул мамлекетке келгендердин санынын көбөйүүсү күтүлөт. Мисалы, 165 мамлекеттен 30 мамлекетке карай миграциянын фактору катары бул мамлекеттердин реалдуу алмашуу курсу изилденгенде, жалпысынан мигранттарды кабыл алган мамлекеттердин улуттук валютасынын 10 % ревальвациясы бул мамлекеттерге келген мигранттардын санын 18.2-19.4 % көбөйтүүдө (Keita, 2016).

Кыргыз Республикасынын тышкы миграциясын жогорудагы бөлүмдөрдө талдаганыбызда, 1990-жылдардын башы эмиграциянын биринчи жана масштабы боюнча чоң болгон толкуну байкалган. 1991-1994 жылдарга таандык бул жогору өсүү темпи моделде берилген. Тактап айтканда, 1991-1994 жылдын миграциясы, башка мезгилдерге салыштырмалуу жогору болгондугун эмпирикалык мааниде аныкталган. Ал эми 2012-жылдан кийинки эмиграциядагы структуралык өзгөрүүлөрдү моделде эске алган алмашуучунун статитикалык жактан маанилүү жана таасирдүүлүгүн жогору болгондугун көрө алабыз.

**Миграциянын микроэконометрикалык моделдеринин жыйынтыктары**

Микроэкономикалык деңгээлде жүргүзүлгөн эмпирикалык анализдин жыйынтыгы төмөндөгү таблицада берилген. Анализ эки моделдин негизинде, көптүк регрессия жана Тобит моделдери бааланган жана ар бир моделде жалгыз индивиддик, анын үй чарбасынын жана жайгашкан калктуу пунктун өзгөчөлүктөрү эске алынып талданган. Нөлгө жогорулатылган маалыматтарды камтыган көз каранды өзгөрмөлөрдө көптүк регрессия моделдеринин жыйынтыктарынын туруксуз болгондугун төмөндөгү таблицада көрүү мүмкүн. Ошол себептен Тобит моделинин жыйынтыктарынын негизинде миграциянын себептерин талдоо жүргүзүү чечими кабыл алынган.

Үй-чарбасынан чет өлкөгө кеткендердин санына мигранттын жашынын жана үй-бүлөлүк абалынын таасир тийгизбегендигин айтуу мүмкүн. Бул жыйынтыктардын илимий адабиятта белгиленген жыйынтыктарга дал келбегендигин айтып кетсек болот. Көп учурда индивиддердин жашынын жана үй-бүлөлүк абалы абдан маанилүү факторлор катары белгиленип келүүдө (Hare,1999).

Аялдар эркектерге салыштырмалуу миграцияга ийкемдүүрөөк, бирок бул көлөм чоң мааниге ээ эмес. Тактап айтканда, бул көрсөткүч Кыргызстандын мисалында,

миграцияга кетүү жыныстык жактан айырмаланбагандыгын көрсөтүүдө. Ал эми башка мамлекеттердин мисалында миграцияга көп учурда эркектердин кеткендигин көрө алабыз (Hare, 1999).

Ошондой эле миграцияга кыргыздар башка улуттарга салыштырмалуу көбүрөөк катышууда. Миграциянын мигранттардын жогорку билимдүү болушу менен байланышы жок экендиги, бирок ошол эле учурда кесиптик билим алгандардын миграцияга ыйкемдүүлүгү баштапкы жана орто деңгээлде билим алгандарга салыштырмалуу аз өлчөмдө жогору болгондугу байкалууда.

Индивидке таандык өзгөчөлүктөрдүн кээ бири статистикалык жактан маанилүү болбосо дагы, миграцияга кеткендердин санына моделде колдонулган үй-чарбасынын өзгөчөлүктөрүнө тиешелүү өзгөрмөлөрдүн бардыгынын статистикалык жактан маанилүүлүгү жогору болгондугун көрө алабыз. Үй-чарбасынын башчысынын жынысы же башкача айтканда аял үй башчысынын үй-бүлөсүндө миграцияга кеткендердин саны эркек үй-башчыларына салыштырмалуу көбүрөөк.

Эгер үй-чарбасы канчалык чоң болсо миграцияга кеткендердин дагы саны жогорулайт. Тактап айтканда үй-чарбасынын чоңдугу бир кишиге көбөйсө анда миграцияга кеткендердин саны 0,32 адамга көбөйөт. Бул көрсөткүчтүн мааниси үй-чарбасы 3 кишиге чоңойгондо анын үй-бүлөсүнөн орточо деңгээлден бир адам миграцияга кетүүдө болгондугун көрсөтүүдө.

Ошол эле учурда моделде үй-чарбасында жаңы төрөлгөн жана жашы бешке чыга элек балдардын болушу, миграцияны басандатуучу фактор катары көрө алабыз. Үй-чарбасында жаш өспүрүмдөрдүн санынын бирге көбөйүүсү, миграцияга кеткендердин санын орточо эсеп менен 0,6 адамга азайтууда. Демек, үй-чарбасында бир же эки жаш өспүрүмдүн болушу, бул үй-бүлөөдөн кете турган потенциалдуу мигранттын санын бирге азайтууда. Дал ушуга окшош, бирок таасири төмөнүрөөк болгон миграцияны басаңдатуучу фактор, бул үй-бүлөдө 6-17 жашында болгон балдардын, өспүрүмдөрдүн болушу. Тактап айтканда үй-чарбасында 6-17 жаштарында богон өспүрүмдөрдүн санынын бирге көбөйүүсү, миграцияга кеткендердин санын орточо эсеп менен 0,3 адамга азайтууда, же үй-чарбасында үч жаш өспүрүмдүн болушу потенциалдуу мигранттын санын бирге азайтууда.

Буга кошумча миграцияга олуттуу түрдө таасирин тийгизген башка факторлордон бири бул – үй-чарбасында жашаган 15-65 жаш курагында болгон эркектердин саны. Бул көрсөткүчтүн бир адамга көбөйүшү миграцияга кеткендердин санын 0,42 адамга көбөйтүүдө.

Үй-чарбасынын түзүлүшүнөн тышкары, орточо адам башына түшкөн маянадан сырткары кирешенин дагы статистикалык жактан маанилүүлүгү ырасталган. Орточо кирешенин 10 % жогорулашы, миграцияга кеткендердин санын 2 адамга азайтууда. Бул көрсөткүч абдан маанилүү деп белгилеп кетсек болот, себеби киреше деңгээлин олуттуу түрдө көбөйбөгөн учурда дагы, киреше деңгээли абдан таасирдүү экендигин көрө алабыз.

**Таблица 2.** ЭКК жана Тобит моделдеринин жыйынтыктары

| | Биринчи модель | | Экинчи модель | | Үчүнчү модель | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ЭКК | Тобит | ЭКК | Тобит | ЭКК | Тобит |
| *Индивидуалдык өзгөчөлүктөр:* | | | | | | |
| Жаш курагы | -0.0128**<br>(0.0040) | -0.0877**<br>(0.0299) | -0.0011<br>(0.0038) | -0.0085<br>(0.0277) | -0.0038<br>(0.0038) | -0.0223<br>(0.0268) |
| Жашынын квадраты | 0.0002***<br>(0.00004) | 0.0013***<br>(0.0004) | 0.0001<br>(0.00004) | 0.0004<br>(0.0003) | 0.00009**<br>(0.00004) | 0.0005*<br>(0.0003) |
| Жынысы (эркек=1) | -0.0161<br>(0.0138) | -0.1669<br>(0.1052) | -0.0307**<br>(0.0130) | -0.2952**<br>(0.0957) | -0.0273**<br>(0.0127) | -0.2664**<br>(0.0926) |
| Үй-бүлөлүк абалы (үй-бүлөлүү=1) | 0.0210<br>(0.0224) | 0.1837<br>(0.1756) | -0.0071<br>(0.0216) | -0.0945<br>(0.1599) | 0.0079<br>(0.0211) | -0.0177<br>(0.1559) |
| Улуту (кыргыз=1) | 0.0855***<br>(0.0145) | 0.5916***<br>(0.1155) | 0.0745***<br>(0.0142) | 0.4964***<br>(0.1063) | 0.0767***<br>(0.0140) | 0.5479***<br>(0.1048) |
| Билим деңгээли (баштапкы жана орто билим деңгээли): | | | | | | |
| - Кесиптик билим | -0.0254<br>(0.0187) | -0.2691*<br>(0.1430) | 0.0423**<br>(0.0179) | 0.2945**<br>(0.1309) | 0.0454**<br>(0.0175) | 0.3276**<br>(0.1265) |
| - Жогорку билим | -0.0771***<br>(0.0187) | -0.6861***<br>(0.1536) | -0.0177<br>(0.0184) | -0.1689<br>(0.1418) | -0.0135<br>(0.0180) | -0.1368<br>(0.1374) |
| *Үй-чарбасынын өзгөчөлүктөрү:* | | | | | | |
| Үй-чарбасы башчысынын жынысы (аял=1) | - | - | 0.0571***<br>(0.0160) | 0.4326***<br>(0.1223) | 0.0568***<br>(0.0156) | 0.3631**<br>(0.1189) |
| Үй-чарбасынын чоңдугу | - | - | 0.0614***<br>(0.0062) | 0.3793***<br>(0.0428) | 0.0545***<br>(0.0061) | 0.3239***<br>(0.0412) |
| Жаш өспүрүмдөр (0-5 жаш) | - | - | -0.1067***<br>(0.0107) | -0.7684***<br>(0.0791) | -0.0853***<br>(0.0105) | -0.5968***<br>(0.0762) |
| Өспүрүмдөр (6-17 жаш) | - | - | -0.0516***<br>(0.0080) | -0.3040***<br>(0.0565) | -0.0477***<br>(0.0079) | -0.2712***<br>(0.0547) |
| Эркектер (15-65 жаш) | - | - | 0.0697***<br>(0.0097) | 0.4207***<br>(0.0632) | 0.0698***<br>(0.0095) | 0.4184***<br>(0.0611) |
| Маянадан сырткаркы үй-бүлөлүк киреше | - | - | -0.0254***<br>(0.0040) | -0.1875***<br>(0.0304) | -0.0252***<br>(0.0040) | -0.1836***<br>(0.0296) |
| Жашаган жери (айыл=1) | - | - | -0.0360**<br>(0.0148) | -0.1863*<br>(0.1096) | -0.1004***<br>(0.0172) | -0.5777***<br>(0.1233) |
| Региондор (Бишкек шаары же Чүй облусу) | | | | | | |
| - Нарын, Ысык-Көл же Талас облусу | - | - | -0.0188<br>(0.0210) | -0.0198<br>(0.2090) | 0.0034<br>(0.0231) | 0.2740<br>(0.2151) |
| - Ош шаары, Баткен, Жалал-Абад же Ош облусу | - | - | 0.2028***<br>(0.0164) | 1.9965***<br>(0.1507) | 0.0127<br>(0.0197) | 0.8948***<br>(0.1602) |
| *Калктуу пунктка таандык өзгөчөлүктөр:* | | | | | | |
| Негизги жумуш берүүчү уюм | - | - | - | - | -0.0636***<br>(0.0172) | -0.4111**<br>(0.1289) |
| Миграциялык түйүн | - | - | - | - | 0.0360***<br>(0.0021) | 0.1704***<br>(0.0125) |
| Чек арага чейинки аралык | - | - | - | - | -0.0080<br>(0.0054) | -0.1261***<br>(0.0373) |
| Константа | 0.3059***<br>(0.0666) | -2.4062***<br>(0.5074) | -0.0428<br>(0.0793) | -4.6107***<br>(0.5957) | 0.0716<br>(0.0805) | -3.4716***<br>(0.5897) |
| Байкоолордун саны | 7341 | 7341 | 7341 | 7341 | 7341 | 7341 |
| F – статистикасы | 14.51*** | - | 74.89*** | - | 83.41*** | - |
| $R^2$ | 0.0137 | 0.0108 | 0.1406 | 0.1464 | 0.1780 | 0.1759 |
| LR $\chi^2$ | - | 85.58*** | - | 1161.3*** | - | 1395.5*** |
| Log likelihood | - | -3923.9 | - | -3386.04 | - | -3268.93 |

***1%, **5%, *10% ката үлүшүндө статистикалык жактан манилүү.
Кашанын ичинде стандарттык каталар берилген.

Миграциянын регионалдык өзгөчөлүктөрдөн таасирленүүсүн анализдегенибизде, жалпысынан миграция Ош шаары, Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарынан болгондугу байкалат жана бул Бишкек жана Чүй облусуна салыштырмалуу орточо эсеп менен үй-чарбасынан эки адамга ашыгыраак кетүүдө.

Миграциянын факторлорун моделдөөдө, миграцияга жалгыз гана кетүүгө чечим берген кишинин мүнөздөмөсү эмес, анын чечимине үй-бүлөсүнүн чечими жана ошондой эле мигранттын отурукташкан аймагына таандык өзгөчөлүктөр дагы таасирин тийгизерин белгилеп кеткенбиз. Моделдин жыйынтыгы боюнча, мигранттардын үй-чарбасы отурукташкан калктуу пункта иштеп жаткан фабрика, завод, же ушул сыяктуу калкты жумуш менен камсыз кылган негизги мекеменин болушу миграцияны азайтууда. Башкача айтканда, жумуш орундары менен камсыз кылган мекемелери жок болгон аймакка салыштырмалуу, ишканаларга ээ калктуу пунктарда жайгашкан үй-чарбасынан кеткен мигранттардын саны орточо эсеп менен 0,41 адамга аз. Демек, калктуу пунктарда жумуш орундарынын аздыгы, же жок болгондугуна үчүн миграцияга ийкемдүүлүк жогору болгондугун айтууга болот.

Кырыгзстанда миграциялык түйүндүн болушу, же жергиликтүү аймакта мигранттары болгон үй-чарбалардын үлүшүнүн көбөйүшү менен бирге бул аймакта миграция күч аларын айтуу мүмкүн. Башкача айтканда, бул үлүштүн көлөмү 1 % жогоруласа, анда бул региондордун үй-чарбасынан кеткен мигранттардын саны орточо эсеп менен 0,17 адамга көбөйүүдө; миграциялык түйүндүн же байланыштын күч алышы, мисалы 5 % көбөйүшү үй-чарбасынан миграцияга кеткендердин санын 1 адамга жогорулатууда.

Кызыктуу жана илимий адабиятта кеңири колдонулган миграциянын факторлорунан бири бул – калктуу пунктардын мамлекеттик чек арага жакын жайгашуусу болуп эсептелет. Бул көрсөткүчтүн дагы таасири статистикалык жактан маанилүү жана олуттуу болгондугун айта алабыз. Себеби мигранттардын үй-чарбасы жайгашкан калктуу пуктардын чек арадан канчалык алыс болсо, ал аймактардан кеткендердин саны ошончолук азайууда; башкача айтканда, орточо эсеп менен калктуу пунктар мамлекеттик чек арадан 10 чакырым алыс жайгашуусу, бул аймакта жашагандардын үй-бүлөсүнөн кеткендердин санын бир адамга азайтууда. Демек, чек аралаш аймактарда жайгашкан үй-чарбалардан миграцияга дуушар болгондор көбүрөөк экендигин айта алабыз. Илимий адабиятта бул фактордун маанилүүлүгүн мигранттардын жанында жайгашкан коңшулаш мамлекеттерге кетүүсү менен түшүндүрсөк, Кыргызстандын мисалында бул аймактардын аз өнүккөн болгондугу менен түшүндүрүү мүмкүн.

**Жыйынтык жана практикалык сунуштар**

Кыргызстандын тышкы миграциясынын биринчи этабы 1991-1998 жылдардын арасын камтып, демографиялык мүнөздө болуп, миграциялык агым үй-бүлөлөрдүн көчүүсү менен бирге этникалык жана саясий себептерден улам келип чыккан. Миграциянын бул этабында жергиликтүү кыргыз калкынын көчүүсү оң сальдого ээ болгон, ал эми башка улуттардын миграциясынын сальдосу терс мааниге ээ болгон. Кыргызстандын тышкы миграциясынын экинчи мезгили 1999-жылдан тартып башталып жана азыркы учурга чейин уланууда. Эмиграциянын Россия Федерациясы менен Казакстан Республикасына багытталгандыгын жана жергиликтүү калктын, кыргыз эмигранттарынын санынын жогорулашы байкалууда. Ошондой эле, учурда эмгек миграциясында жүргөндөрдүн санын так айтуу кыйынчылыгынан улам айрым изилдөөлөрдүн жана отчеттордун негизинде эмгек миграциясында жүргөндөрдүн санынын 500 миңден ашуун болгондугу тууралуу айтууга болот.

Миграциянын масштабы жана аны жөнгө салуу механизмдерин иштеп чыгуу максатында анын эмпирикалык жактан терең изилденүүсү учурда абдан актуалдуу болгондугу үчүн бул изилдөөнүн максаты Кыргызстандын тышкы миграциясынын факторлорун эмпирикалык анализ методу менен аныктоо катары коюлган. Илимий иштин негизинде жүргүзүлгөн эмпирикалык анализдин жыйынтыгы төмөндө берилген.

**Макроэкономикалык деңгээлде жүргүзүлгөн анализдин негизинде миграцияга таасир тийгизген факторлор:**

- Тартылуу күчү моделинин негизинде Кыргызстандын миграциясына олуттуу түрдө таасирин тийгизген факторлордун катарында Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын калкынын санынын өсүүсү болуп эсептелет.
- Кыргызстандан кеткендердин санына таасирин Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын адам башына түшкөн ички дүң продуктусунун көлөмү тийгизүүдө.
- Миграциянын экономикалык факторлорунун катарында мигранттарды жөнөткөн жана кабыл алган мамлекеттердин улуттук валюталарынын АКШ долларына карата курстук алмашуусу орун алууда.
- Кыргызстандын жалпы миграциялык процесси Россия Федерациясынын миграцияга байланыштуу мыйзам ченемдеринин өзгөрүүсүнө көз каранды.

**Микроэкономикалык деңгээлде жүргүзүлгөн анализдин негизинде миграцияга тийгизген факторлор:**

- Үй-чарбасынан чет өлкөгө кеткендердин санына мигранттардын жашы жана үй-бүлөлүк абалы таасирин тийгизбейт.
- Кыргызстанда аялдар эркектер менен бирге активдүү түрдө миграцияга катышууда.
- Миграанттын билим деңгээлинин миграцияга олуттуу таасирин тийгизбейт.
- Үй-чарбасынын түзүлүшү миграцияга таасирин тийгизүүдө.
- Үй-чарбасынын кирешеси миграцияга таасир тийгизет.
- Үй-чарбасынын регионалдык өзгөчөлүктөрү маанилүү фактор.
- Үй-чарбасынын жайгашкан калктуу пукттардын өзгөчөлүктөрү абдан маанилүү.

Кыргызстанда миграциянын деңгээли масштабдуу болушу менен бирге, анын регионалдык жана үй-чарбанын өзгөчөлүктөрүнө ээ болгондугун айтуу мүмкүн. Тактап айтканда, мигранттардын үй-чарбасынын жана отурукташкан жеринин өзгөчөлүктөрү статистикалык маанилүү өлчөмдө мигрант эместерден айырмаланат. Бул жагдай миграциянын жөнгө салынышында жасала турган иш чараларда эске алуунусу зарыл.

Миграциялык саясатты мамлекеттин калкынын санын жана анын түзүлүшүн өзгөртүү же калыбында кармоо максатында, мигранттардын түзүлүшү менен алардын багытын жөнгө салуу менен бирге улуттук же жергиликтүү эмгек рыногунун суроо-талабына ылайык убактылуу чет өлкөдөн жумушчулар менен камсыз кылуу, же чет өлкөгө кетүү үчүн иш чараларды жүргүзүү катары аныктоо мүмкүн (Миграционное движение населения: теория, политика, практика, перспективы, 2013). Ал эми миграциялык саясаттын максаты катары, экономиканын эффективдүү өнүгүүнүн камсыз кылуу максатында, калктын рационалдуу түрдө жайгаштыруу катары аныктоо мүмкүн (Миграционное движение населения: теория, политика, практика, перспективы, 2013). Бул миграциялык саясаттын максатын ишке ашыруу үчүн илимий жактан негизделген, экономикалык жана демографиялык мааниге таянган эсептөөлөрдүн жүргүзүлүшү шарт.

Ал эми миграциялык саясаттын иштеп чыгуу үчүн жүргүзүлө турган анализ (же аналитикалык база), негизги үч этаптан түзүлүүдө, булар: биринчиден, узак мөөнөт аралыгына таандык маалыматтардын негизинде, миграциялык процесстер менен бирге мамлекеттин социалдык-экономикалык абалын терең изилдөө; экинчиден миграциянын

натыйжасында мамлекеттин ичинде калктын жайгашуусунун өзгөрүүгө дуушар болуп болбогондугу изилдөө менен бирге миграциянын факторлорун аныктоо катары белгиленсе; үчүнчү этапта, миграциялык процесстердин орчундуу проблемаларын белгилөө менен бирге, аларды жөнгө салуу үчүн керек болгон иш-чараларды сунуштоо болуп эсептелет (Миграционное движение населения: теория, политика, практика, перспективы, 2013).

Бул илимий иште миграциялык процесстердин структуралык жана динамикалык өзгөрүүлөрүн изилдөө менен бирге эмпирикалык анализдин методдорун колдонуунун натыйжасында миграцияга таасирин тийгизген факторлор аныкталды. Кыргызстанды миграциялык процесстерди жөнгө салуу үчүн экономикалык жана демографиялык факторлорду эске алуу менен төмөндө сунуштар берилүүдө.

**Миграция процессин жөнгө салуу үчүн сунуштар:**

➢ *Эмгек миграциясы тууралуу маалыматтарды жакшыртуу.* Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин башка КМШ мамлекеттерине салыштырмалуу эмиграция тууралуу маалыматты жакшыраак, же көбүрөөк камтыганы менен (Чудиновских, 2009), Кыргызстандын учурдагы миграциясын толук чагылдырбагандыгын айтууга болот. 2007-жылы Кыргызстанда миграциялык процесстерди 2007-2010 жылдары арасында жөнгө салуу максатында кабыл алынган мамлекеттин программанын алкагында миграция агымы тууралуу маалыматтардын жакшыртылышы каралгана карабастан, толугу менен иш жүзүнө ашпай калган (Чудиновских, 2009). Ал эми чек арадан өтүү тууралуу маалыматтардын миграция тууралуу маалыматтарды бербейт. Учурда чет өлкөдө эмгектенүү максатында жүргөндөрдүн саны тууралуу так маалыматтын болбошу (айрым изилдөө жана отчеттордун негизинде гана божомолдонгон көлөмдөр айтылгандыгы үчүн), миграциянын көлөмүн тактоо максатында миграциялык карточканын киргизилиши менен бирге Россия Федерациясынын миграциялык кызматы тарабынан берилген маалыматтырдын Кыргызстандын миграция кызматынын интернет баракчасында ар бир айга таандык маалыматтарды жарыялоосу сунушталат.

➢ *Эмгек мигранттардын санына жараша аларга чет өлкөдө кызмат көрсөткөндөрдүн санын жогорулатуу.* Россия менен Казакстанда эмгектенген Кыргызстандын жарандарынын санынын жогору болушу, бул мамлекеттерде мигранттырдын эң көп жайгашкан негизги региондордо Мамлекеттик миграция кызматынын өкүлчүлүгүн ачуу жана мигранттардын санына ылайык кызмат

көрсөткөндөрдүн санын жогорулатуу сунушу берилет.

➢ *Кыргызстандын узак мөөнөттүк демографиялык божомолдору (прогноздору) менен, миграциянын потенциалын эсептөө аркылуу узак мөөнөттүк миграция саясатын Улуттук стратегиянын негизги компоненти катары кабыл алуу зарыл.* Мамлекеттик деңгээлде Кыргызстандын туруктуу калкынын санын, табигый өсүү менен миграциянын негизинде, миграциялык потенциалын узак мөөнөткө болжолдуу көрсөткүчтөрүн (прогноздорун) эсептелип чыгышы, миграция саясатын жүргүзүү үчүн керектүү инструмент катары белгилесек болот.

➢ *Чет өлкөгө кеткендердин, эмиграциянын санын азайтуу.* Потенциалдуу мигранттардын жергиликтүү аймактарда же миграцияга ийкемдүү болуп белгиленген региондордо калышын камсыз кылуу максатында бул жерлердеги жумуштуулук деңгээлин, билим деңгээли менен жашоо стандарттарын жогорулатуу үчүн Улуттук стратегия программасында бул иш чараларга орун берилиши керек. Мисалы, Мексика эмиграциянын санын азайтуу максатында Калктын улуттук программасында миграцияга дуушар болгон региондорго атайын өнүгүү программаларын ишке ашыруу аркылуу бул региондордон кеткендердин санын азайтуу максатын койгон (International Migration Policies, Government Views and Priorities, 2013:68).

➢ *Кыргызстандын диаспораларынын жергиликтүү региондордо инвестиция кылуусун колдоо.* Бул илимий иштин эмпирикалык анализдин негизинде регионалдык жана калктуу пунктка таандык өзгөчөлүктөрдүн миграцияга маанилүү өлчөмдө таасирин тийгизгендиги аныкталган. Бул себептерден улам, миграцияга эң көп дуушар болгон региондорго инвестиция тартуу зарыл. Учурда диаспораларды мамлекеттик деңгээлде колдоо жана алардын мамлекеттин өнүгүү процессинде орун алуусу актуалдуу болууда. Себеби, диаспоралардын күчтүү болгон мамлекеттерде соода байланышынын күч алышы, же диаспоралардын келип чыккан мамлекеттеринин продуктусун чет мамлекеттин рынокторуна тартуу жана суроо талап жаратуу менен экспортту көбөйтүүдө. Ошондой эле, диаспоралардын эмгек тажрыйбасы жана чет мамлекеттердеги байланыштарынын ишкердүүлүккө позитивдүү таасиринен улам мигрантты жөнөткөн мамлекеттерде диаспоралардын инвестициясы жалпы инвесторлордун атаандаштыгын күчөтүүдө болгондугу аныкталган (Newland, Plaza, 2013). Бул себептерден улам, көптөгөн мамлекеттерде диаспораларды колдоо программалары ишке ашырылууда жана министрликтердин деңгээлинде диаспора иштери боюнча кызмат көрсөтүлүүдө. Ал эми алардын финансылык каражаттарын мамлекеттин өнүгүүсүнө колдонуу үчүн ишканаларды ачууда бюрократиялык жол-

жоболорду жөнөйлөтүү менен бирге салык боюнча жеңилдиктердин, кредиттерди алууда артыкчылыктардын берилиши камсыз кылынууда. Мисалы, Сенегалда чет өлкөдө жүргөндөр тарабынан корпоративдик иш-чараларга инвестиция тартуусу үчүн долбоордун жүзөгө ашыруу жана ишкананын чалгындоо мезгилинде салыктык төлөмдөрдөн бошотулууда (International Migration Policies, Government Views and Priorities, 2013:74).

➢ *Эмгек миграциясында жүргөндөрдүн кайтып келүүсүнө өбөлгө түзүү.* Миграциянын узак мөөнөттө демографиялык абалга терс таасирин азайтуу максатында, чет өлкөдө жүргөндөрдүн кайрадан кайтып келүүсү үчүн программаларды ишке ашыруу. Мисалы, Япония, Испания жана Чехия мамлекеттеринде мигранттардын кайра кайтып келүүсү үчүн аларга акчалай каражаттарды берүү жолу колдонулган (International Migration Policies, Government Views and Priorities, 2013:66). Ошондой эле жогорку билимдүүлөрдүн кайтып келүүсү үчүн, Кытай Элдик Республикасы чет өлкөдө жүргөн кытай окумуштуулары үчүн КЭРде экинчи жумуш ордун, же лабораторяларын ачуу жана чет өлкөдө иштөө менен бирге Кытайда дагы илимий ишин университеттерде жүргүзүү шарттарын камсыз кылган (International Migration Policies, Government Views and Priorities, 2013:72). Бул мисалдардын негизинде келечекте чет өлкөдө жүргөндөрдүн кайтып келүүсү үчүн керектүү шарттарды түзүү мүмкүн экендигин белгилеп кетсек болот.

## Колдонулган адабияттар


Ambrosini, J. W., & Peri, G. (2012). The determinants and the selection of Mexico–US migrants. The World Economy, 35(2), –P.111-151.

Balderas, J.U., Greenwood, M.J., (2010) “From Europe to the Americas: a comparative panel-data analysis of migration to Argentina, Brazil, and the United States, 1870-1910”, Journal of population economics, 23:1301-1318

Brockerhoff, M., & Eu, H. (1993). Demographic and socioeconomic determinants of female rural to urban migration in Sub-Saharan Africa. International Migration Review, –P. 557-577.

Carlos, R. D. (2002). On the Determinants of International Migration in the Philippines: An Empirical Analysis1. International Migration Review, 36(1), –P.81-102.

Cebula, R. J. (2005). Internal migration determinants: Recent evidence. International Advances in Economic Research, 11(3), –P.267-274.

Chiquiar, D., & Hanson, G. H. (2005). International Migration, Self-Selection, and the Distribution of Wages: Evidence from Mexico and the United States. Journal of Political Economy, 113(2).

Constantinou, S. T., & Diamantides, N. D. (1985). Modeling international migration: Determinants of emigration from Greece to the United States, 1820–1980. Annals of the Association of American Geographers, 75(3), –P.352-369.

del Rey Poveda, A. (2007). Determinants and consequences of internal and international migration: The case of rural populations in the south of Veracruz, Mexico. Demographic Research, 16(10), –P.287-314.

EDB Centre for Integration studies (2013) “Effects of accession of Kyrgyzstan into the CU and SES for labor market and human capital”, EDB: St. Petersburg

GUAN, J., & McElroy, J. L. (2012). The determinants of migration in small islands. Shima: The International Journal of Research into Island Cultures, 7(1), –P.80-95.)

Hare, D. (1999). ‘Push’versus ‘pull’factors in migration outflows and returns: Determinants of migration status and spell duration among China's rural population. The Journal of Development Studies, 35(3), –P.45-72.

International Migration Policies, Government Views and Priorities (2013) Department of Economic and Social Affairs, Population Division, United Nations, New York, ST/ESA/SER.A/342

Karymshakov, K., Abdieva, R. & Sulaimanova, B. (2014) “Determinants of international migration: The case of Kyrgyz Republic”, Вестник Кыргызского Национального Университета им.Ж.Баласагына

Keita, S. (2016). Bilateral real exchange rates and migration. Applied Economics, 1-15.

Kim, K., & Cohen, J. E. (2010). Determinants of International Migration Flows to and from Industrialized Countries: A Panel Data Approach Beyond Gravity1. International Migration Review, 44(4), –P.899-932.

Lewer, J.J., Van den Berg, H., (2008) “A gravity model of immigration”, Economics letters, 99:1, pp.164-167

Van Lottum, J., & Marks, D. (2012). The determinants of internal migration in a developing country: quantitative evidence for Indonesia, 1930–2000. Applied Economics, 44(34), 4485-4494.

Olowa, O.W., Awoyemi, T.T., (2012) “Determinants of migration and remittances in rural Nigeria”, Journal of development and agricultural economics, vol.4(7), pp.191-198

Sulaimanova, B., & Bostan, A. (2014). International Migration: A Panel Data Analysis of the Determinants of Emigration from Tajikistan and Kyrgyzstan. Eurasian Journal of Business and Economics, 7(13), 1-9.

Sulaimanova, S. (2005). Labor Migration from the Kyrgyz Republic. Washington, DC: World Bank, unpublished report.

Uysal & Aktash (2011) Türkiye’de iç göç nedenleri, Ç.Ü. Sosyal Bilimler Enstitüsü Dergisi, Cilt 20, Sayı 3

Van Lottum, J., & Marks, D. (2012). The determinants of internal migration in a developing country: quantitative evidence for Indonesia, 1930–2000. Applied Economics, 44(34), 4485-4494.

World Bank Group (2016). Migration and Remittances Factbook 2016, Third Edition. Washington, DC: World Bank.

Yang, X., & Guo, F. (1999). Gender differences in determinants of temporary labor migration in China: A multilevel analysis. International Migration Review, 929-953.

Агаджанян, В., Кумсков, Г., Недолужко, Л. (2006). Демографические процессы в Кыргызстане. Журнал Демоскоп Weekly, №493-494. Январь 2012. http://demoscope.ru/weekly/2012/0493/analit02.php [*Agadzhanyan, V., Kumskov, G., Nedoluzhko, L. (2006). Demograficheskiye protsessy v Kyrgyzstane. Zhurnal Demoskop Weekly, №493-494. Yanvar' 2012.* ]

Демографический ежегодник Кыргызской республики 2008-2012 гг., Национальный статистический комитет Кыргызской Республики, 2013 [*Demograficheskiy yezhegodnik Kyrgyzskoy respubliki 2008-2012 gg., Natsional'nyy statisticheskiy komitet Kyrgyzskoy Respubliki, 2013*]

Единый доклад по миграции в Кыргызской Республике, Государственная служба миграции при Правительстве Кыргызской Республики, Бишкек 2015 [*Yedinyy doklad po migratsii v Kyrgyzskoy Respublike, Gosudarstvennaya sluzhba migratsii pri Pravitel'stve Kyrgyzskoy Respubliki, Bishkek 2015*]

Карымшаков К., Сулайманова, Б. (2015) “Экономическая ситуация в Российской Федерации и влияние на миграцию Кыргызстана”, отчет НИСИ [*Karymshakov K., Sulaymanova, B. (2015) “Ekonomicheskaya situatsiya v Rossiyskoy Federatsii i vliyaniye na migratsiyu Kyrgyzstana”, otchet NISI*]

Кумскова, Н.Х. (2015) «Внешняя миграция населения Кыргызской Республики», Вестник КРСУ. – Бишкек, 2015. Том 15. – № 8. –С.110 [*Kumskova, N.KH. (2015) «Vneshnyaya migratsiya naseleniya Kyrgyzskoy Respubliki», Vestnik KRSU. – Bishkek, 2015. Tom 15. – № 8. –S.110*]

Лукашова, И., Макенбаева, И., (2009) «Воздейтсвие мирового экономического кризиса на трудовую миграцию из Кыргызстана в Россию: качественный обзор и количественное исследование», – Бишкек, 2009 – С.110 [*Lukashova, I., Makenbayeva, I., (2009) «Vozdeytsviye mirovogo ekonomicheskogo krizisa na trudovuyu migratsiyu iz Kyrgyzstana v Rossiyu: kachestvennyy obzor i kolichestvennoye issledovaniye», – Bishkek, 2009 – S.110*]

Мамырканов, М., Элебаева, А., (2013) «Разработка Концепции миграционной политики Кыргызской Республики», Отчет НИСИ [*Mamyrkanov, M., Elebayeva, A., (2013) «Razrabotka Kontseptsii migratsionnoy politiki Kyrgyzskoy Respubliki», Otchet NISI*]

Миграционное движение населения: теория, политика, практика, перспективы (2013) под общей редакцией Воробьевой О.Д., Топилина А.В., Проект РГНФ №13-42-93009, Москва, 2013 [*Migratsionnoye dvizheniye naseleniya: teoriya, politika, praktika, perspektivy (2013) pod obshchey redaktsiyey Vorob'yevoy O.D., Topilina A.V., Proyekt RGNF №13-42-93009, Moskva, 2013*]

Мкртчян, Н., Сарыгулов, Б., (2011) «Международная миграция все больше ориентируется на Россию», Демоскоп Weekly, №481-482 [*Mkrtchyan, N., Sarygulov, B., (2011) «Mezhdunarodnaya migratsiya vse bol'she oriyentiruyetsya na Rossiyu», Demoskop Weekly, №481-482*]

Омаров, Н., Махновский, В., «Миграционные процессы в Кыргызстане: современные тенденции и перспективы», Журнал «Центральная Азия и Кавказ», –М, 1998 –№13, [Электронный ресурс] http://www.cac.org/journal/131998/st_05_omarov.shtml – Дата обращения 15/12/2015 [*Omarov, N., Makhnovskiy, V., «Migratsionnyye protsessy v Kyrgyzstane: sovremennyye tendentsii i perspektivy», Zhurnal «Tsentral'naya Aziya i Kavkaz», –M, 1998 –№13*]

Отчет и рекомендации по Международной конференции «Передовой опыт в области защиты прав трудовых мигрантов и перспективы его применения в Кыргызстане», Тянь-Шаньский аналитический центр АУЦА, Бишкек, Кыргызстан, 3-4 июня 2013 года

Тары, Р. & Сулайманова, Б. (2014) «Факторы, влияющие на эмиграционные процессы в Кыргызстане», Международный, научный, экономический журнал «Реформа» [*Tary, R. & Sulaymanova, B. (2014) «Faktory, vliyayushchiye na emigratsionnyye protsessy v Kyrgyzstane», Mezhdunarodnyy, nauchnyy, ekonomicheskiy zhurnal «Reforma»*]

Чудиновских,О.С. (2009) Опыт сравнения статистики международной миграции в странах СНГ. журнале "Вопросы статистики", 2009, №3, с. 59-67 [*Chudinovskikh,O.S. (2009) Opyt sravneniya statistiki mezhdunarodnoy migratsii v stranakh SNG. zhurnale "Voprosy statistiki", 2009, №3, s. 59-67*]

**Тиркеме**

**Таблица 1** (1) теңдемени балоо үчүн колдонулган маалыматтар

| **Өзгөрүүчүлөр** | **Жылдар** | **Маалымат булагы** |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын тышкы миграциясы (эмиграция), логарифмалык мааниде | 1991-2014 | КРнын Улуттук Статистика Комитети |
| Кыргыз Республикасынын адам башына реалдуу ИДП, логарифмалык мааниде, ППП, АКШ доллары | 1991-2014 | Дүйнөлүк Банк |
| Кыргыз Республикасынын калкынын саны, логарифмалык мааниде | 1991-2014 | Дүйнөлүк Банк |
| Кыргыз Республикасынын улуттук валютасынын расмий алмашуу курсу, бир АКШ долларына карата улуттук валютанын жылдык орточо наркы, логарифмалык мааниде | 1994-2014 | Дүйнөлүк Банк |
| Россия Федерациясынын адам башына реалдуу ИДП, логарифмалык мааниде, ППП, АКШ доллары | 1991-2014 | Дүйнөлүк Банк |
| Россия Федерациясынын калкынын саны, логарифмалык мааниде | 1991-2014 | Дүйнөлүк Банк |
| Россия Федерациясынын улуттук валютасынын расмий алмашуу курсу, бир АКШ долларына карата улуттук валютанын жылдык орточо наркы, логарифмалык мааниде | 1994-2014 | Дүйнөлүк Банк |
| 2012-жылдан кийинки мезгилдин таасири | 1991-2014 | 1 = 2012-2014жылдары<br>0 = 1991-2011 жылдары |
| 1991-1993 жылдардын таасири | 1991-2014 | 1 = 1991-1993 жылдары<br>0 = 1994-2014 жылдары |

**Таблица 2** (2) жана (3) теңдемени балоо үчүн колдонулган маалыматтар

| | |
|---|---|
| **Көз каранды өзгөрүүчү** | |
| ЭКК жана Тобит моделдери үчүн | Азыркы учурда 1 айдан ашык мөөнөттөн бери чет өлкөдө жүргөн үй-чарба мүчөлөрүнүн саны (иш сапары, өргүү жана конокко барууну көздөбөгөндөр) |
| Пробит жана Логит моделдери үчүн | 1 = үй-чарбасында эң аз бир мигранттын болушу; 0 =үй-чарбасында мигрант жок |
| **Көз карандысыз өзгөрүүчүлөр** | |
| *Индивидуалдык өзгөчөлүктөр:* | |
| Жаш курагы | Индивиддин жашы жылдар менен |
| Жашынын квадраты | Индивиддин жашынын квадраты |
| Жынысы | 1 = эркек, 0 = аял |
| Үй-бүлөлүк абалы | 1 = үй-бүлөлү, 0 = бойдок |
| Улуту | 1 = кыргыз, 0 = башка улут |
| Билим деңгээли: | |
| - Баштапкы жана орто билим деңгээли | 1 = индивиттин билим деңгээли баштапкы же орто |
| - Кесиптик билим | 1 = индивит кесиптик билим деңгээлине ээ |
| - Жогорку билим | 1 = индивит жогорку билим деңгээлине ээ |
| *Үй-чарбасынын өзгөчөлүктөрү:* | |
| Үй-чарбасы башчысынын жынысы | 1 = үй-чарбасы башчысы аял, 0 = аял |
| Үй-чарбасынын чоңдугу | Үй-чарбасынын мүчөлөрүнүн саны |
| Жаш өспүрүмдөр (0-5жаш) | Үй-чарбасында 0-5жаш курагындагы жаш өспүрүмдөрдүн саны |
| Өспүрүмдөр (6-17жаш) | Үй-чарбасында 6-17жаш курагындагы өспүрүмдөрдүн саны |
| Эркектер (15-65 жаш) | Үй-чарбасында 15-65 жаш курагындагы эркектердин саны |
| Маянадан сырткаркы үй-бүлөлүк киреше | Жалпы үй-чарба мүчөлөрүнүн майанадан сырткары тапкан кирешеси, сом, логарифмалык мааниде |
| Жашаган жери | 1 = үй-чарбасы айылда отурукташкан, 0 = шаар |
| Региондор: | |
| Бишкек шаары же Чүй облусу | 1 =үй-чарбасы Бишкек шаары же Чүй облусунда отурукташкан. |
| - Нарын, Ысык-Көл же Талас облусу | 1 = үй-чарбасы Нарын, Ысык-Көл же Талас облусунда отурукташкан. |
| - Ош шаары, Баткен, Жалал-Абад же Ош облусу | 1 = үй-чарбасы Ош шаары, Баткен, Жалал-Абад же Ош облусунда отурукташкан. |
| *Райондук өзгөчөлүктөр:* | |
| Негизги жумуш берүүчү уюм | 1 = районда фабрика, завод же жумуш орду менен камсыз кылуучу уюм жайгашкан |
| Миграциялык уюл | Акыркы беш жылда үй-чарбасында мигранттар болгондордун санынын жалпы райондогу үй-чарбаларга карата үлүшү |
| Чек арага чейинки аралык | Райондун жайгашуусунан жакынкы чек арага чейинки узактык, километр, логарифмалык мааниде |